**Райондун социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн 2024-жылдын 12 айында аткарылган иштер жөнүндө**
**МААЛЫМАТ**

Райондун социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн 2024-жылдын 12 айында Алай райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын секторлору жана бардык жооптуу кызматкерлери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, райондогу бардык мекеме-ишканалардын жетекчилери бир топ уюштуруучулук жана массалык иштерди жүргүзүүгө жетишишкен.

**Өнөр жай** продукцияларынын өндүрүшүнүн көлөмү 2024-жылдын 12 айына 447200,5 миң сомду түзүп, 2023-жылдын 12 айына салыштырмалуу 82,4 пайызга аткарылган. Анын ичинен көмүр казуу 239700 тонна болуп, былтыркы жылга салыштырмалуу 55,2 пайызды түзгөн. Ал эми иштетүү өндүрүштөр 24644,2 миң сом болуп 112,5 %, электр энергиясы 93974,2 миң сомду түзүп, 135,6%, сууну иштетүү 19696,1 миң сом болуп 138,7% аткарылган.

Өнөр жай тармагы боюнча быйылкы жылы төрт өндүрүштүк ишкана ачылып, тактап айтканда Кара-Кыргыз автономиялык облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата 2024-жылы ишке ашырылуучу ишканалардын тизмесине кирген “Перити-Коал” ЖЧКсы тарабынан казылган көмүрдүн майдасы жана топурак аралашмасынан (отвал) байытылган көмүр алуу максатында ишкердин жеке каражатынан 80,0 млн сом акча каражаты жумшалып, тоо-кен байытуу комбинаты курулду. Мындан сырткары бир көмүр кен, бир пескоблок чыгаруу жана пластиктен эшик-рам жасоочу ишкана ишке берилип, 76 жаран иш менен камсыз болду.

**Районунун аймагына 2024-жылдын 12 айына карата негизги капиталга тартылган инвестициянын көлөмү 1781043,6 миң сомду түзүп 2023-жылга салыштырмалуу 621625,3 миң сомго көп тартылып өсүү 141,5 пайызды түзгөн.**

**Финансы министрлигинин Алай райондук башкармалыгы жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы боюнча:**

Алай районунун жергиликтуу бюджети 2024-жылга 347367,0 мин сомго бекитилип, анын ичинен теңдештирүүчү трансферт 157644,0 мин сом жана өздүк киреше атайын каражат ичинде 189723,0 мин сомду түзөт.

2024-жылга тактоолордун негизинде жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 421736,4 мин сомду түздү, анын ичинде тендештирүүчү трансферт 157644,0 мин сом, өздүк киреше 211685,2 миң сом (анын ичинде атайын каражат 28131,0 мин сом), республикалык бюджеттен кошумча берилүүчү максаттуу трансферт 22687,7 миң сом жана өткөн жылдан өткөн калдык 29719,5 мин сом.

2024-жылга райондун жергиликтуу бюджетинин өздүк кирешелери болгон салыктык жана салыктык эмес кирешелердин планы 189723,0 мин сомго бекитилип, 211685,2 миң сомго план такталган жана аткарылганы 225404,8 миң сомду же 103,2 пайызды түзөт.
Ал эми (салыктык эмес кирешелердин ичинен атайын каражатты кошпогондо) такталган план 183554,2 миң сом болсо 201978,5 миң сомго аткарылып 110,0 пайызды түзөт.

Башкармалыктын имаратын капиталдык оңдоо жана айланасын заманбап темир тосмоо менен тосуу үчүн 3428,5 мин сом акча каражатты Финансы министрлиги тарабынан каржыланып жумуштар аткарылып бүгүнкү күнгө пайдалынууга берилди. Мындан сырткары кыхзматтык автоунаа ошондой эле кызматкерлер офистик эмеректер, компьютерлер менен камсыз болгон.

**<u>Дем беруучу (үлуштук) гранттар боюнча:</u>**

**Район боюнча 2024-жылга дем берүүчүү (үлүштүк) грантка 4-долбоор жактырылып, аткарылуучу жумуштар толугу бүткөрүлгөн. Тапшырылган жалпы долбоордун баасы 16547,9 миң сомду түзүп анын ичинен республикалык бюджеттен каржылоосу 12000,0 миң сом жана өздүк салым 4547,9 миң сомду түзгөн:**

1. Памир-Алай айыл өкмөтүнө караштуу Талды-Суу айылындагы “Дил Азык” балдар бакчасынын терезе жана эшиктерин алмаштырылды. Сметалык баасы 4388,1 миң сом,

2. Үч-Төбө-Алай айыл өкмөтүнө караштуу Терек айылындагы №11 К.Султанов атындагы орто мектебинин терезе эшик блокторун пластикке (ПВХ) алмаштырылды. Сметалык баасы 3796,5 миң сом.

3. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Суу айылындагы №20 Ш.Айткулов атындагы мектепке чейинки билим берүү уюмунун музыкалык залы курулду. Сметалык баасы 5008,9 миң сом.

4. Курманжан Датка айыл өкмөтүнө караштуу Арпа-Тектир айылындагы 40 орундуу бала бакчасына актовый залы курулду. Сметалык баасы 3354,5 миң сом.

**Мамлекеттик салык кызматынын Алай райондук бөлүмү** тарабынан жалпы республикалык жана жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 2024-жылдын 12 айында план 230874,9 миң сом белгиленип, 232674,4 миң сомго аткарылып 100,8% түздү же коюлган план тапшырмадан 1799,5 миң сомго көп чогултулган. 2023-жылдын 12 айына салыштырмалуу 21714,7 миң сомго салык көп жыйналып, 110,3 пайызды түзгөн.

Республикалык бюджетке 88203,5 миң сом план тапшырма коюлуп, 88240,9 миң сомго аткарылып 100 пайызды түзгөн. Ал эми жергиликтүү бюджеттин планы 142671,4 миң сом болсо, аткарылышы 144433,5 миң сом жыйналып же 101,2 пайызга аткарылган.

**<u>Курулуштар боюнча</u>**

**2024-жылдын 12 айында 3 мектеп, 1 бала бакча, 2 спорт зал, 2 кичи фудболдук аянтча, 1 волейбулдук жабык аянтча, 1 айыл өкмөттүн административдик имараты, 3 ФАП, 1 күрөш залдын курулушу бүткөрүлүп, пайдаланууга берилген. Мындан сырткары 2 муниципалдык туристерди кабыл алуучу боз үйлөр шарчасы, 3 айыл өкмөттө таза курулуштары бүтүп калкка таза суу берилди: Ошондой эле 3 мектеп, 3 айылдык оорукана, 1 спорт зал, 1 айылдык клуб капиталдык ремонттон өттү жана бир топ кошумча имараттар (ашкана, актылык зал, ажаткана ж.б) курулду.**

**Атап айтканда;**

**1.** Курманжан Датка айыл өкмөтүнүн Арпа-Тектир айылында 225 орундуу №24 Арпа-Тектир орто мектебинин имараты жаңыдан курулуп пайдаланууга берилди. Тендердик баасы 64,4 млн сом.

**2.** Памир-Алай айыл өкмөтүндөгү 150 орундуу №39 К.Эсенов атындагы орто мектебинин имараты жаңыдан курулуп, пайдаланууга берилди. Тендердик баасы 87,2 млн сом

**3.** Гүлчө айыл өкмөтүнүн Кум-Шоро айылында 100 орундуу №32 Кум-Шоро орто мектебинин имараты, спрот залы менен жаңыдан курулуп пайдаланууга берилди. Тендердик баасы 116,6 млн сом.

**4.** Гүлчө айыл өкмөтүнүн Кара-Суу айылында жайгашкан №30 Ж.Кыпыева атындагы орто мектебине спорт зал жаңыдан курулуп пайдаланууга берилди. Тендердик баасы 22,6 млн сом.

**5.** Курманжан Датка айыл өкмөтүнүн Кабылан-Көл айылында айылында чатыры жабык кичи футболдук аянтча курулуп пайдаланууга берилди. Тендердик баасы 29,9 млн сом.

**6.** Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Мурдаш айылынын Түлөбай участкасында сметалык баасы 20,6 млн. Сомдук 50 орундуу бала бакчанын курулушу бүтүп пайдаланууга берилди. Жергиликтүү бюджеттен 6,6 млн. сом, республикалык бюджеттен 14,0 млн сом. 15 жумуш орду түзүлдү.

**7.** Памир-Алай айыл өкмөтүнүн Талды-Суу айылында сметалык баасы 23,8 млн. сомдук спорт комплексинин курулушу пайдаланууга берилди. Жергиликтүү бюджеттен 18,8 млн сом, республикалык бюджеттен 5,0 млн сом.

**8.** Жергиликтүү бюджеттен жана райондук өнүктүрүү фондунан Гүлчө айылындагы Алымбек Датка паркында сметалык баасы 9,6 млн. сомдук волейбол аянтчасы курулуп пайдаланууга берилди.

**9.** Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Чоң-Бүлөлү айылында чатыры жабык кичи футболдук аянтча курулуп пайдаланууга берилди. Суммасы 6,1 млн сом. Жергиликтүү бюджеттен жана райондук өнүктүрүү фондунан.

**10.** Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнө сметалык баасы 12,4 млн сомдук жаңыдан эки кабаттуу айыл өкмөттүн административдик имараты курулуп бүтүп, ачылды.
**11.** Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн Чий-Талаа айылындагы Ас-Сафа коомдук фондунан ФАП курулуп, пайдаланууга берилди. Суммасы 5,6 млн сомдук.
**12**. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Күң-Элек айылынын Ас-Сафа коомдук фондунан ФАП курулду. Суммасы 2,2 млн сом.
**13.** Гүлчө айыл өкмөтүнүн Кум-Шоро айылына АРИС тарабынан суммасы 5,6 млн. сом ФАП курулду.
**14**. Гүлчө айылынын жашоочуларын ичүүчү таза суу менен камсыздоо максатында Ас сафа коомдук бирикмеси аркылуу 41 500 000 сомдук жана өздүк салым үчүн жергиликтүү бюджеттен 5 000 000 сомдук каржылоо менен жалпы суммасы 46 500 000 сомго Аюу-Тапан участкасындагы Айгыр Булак участкасынан 39 км аралыкка таза суу тартылып келүү ишке берилдилинди.
**15.**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын Кичи-Каракол айылына таза суу курулушу. Тендердик баасы 72,4 млн сом, бүгүнкү күндө курулуш толук бүткөн.
**16.** Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Күң-Элек айылына 20 млн. 922 миң сомдук таза суунун курулушу бүтүп, пайдаланууга берилди.
**17.** Памир-Алай аймагында боз үйлөр шарчасы курулду муниципалдык эс алуу жайы ачылды. Суммасы 3,5 млн сом. Райондук өнүктүрүү фондунан 2,7 млн сом, жергиликтүү бюджеттен 0,8 млн сом.
**18.** Гүлчө айыл өкмөтүнүн Оро-Дөбө айылынын кире беришине 5 га жер аянты бөлүнүп берилип, 4 даана боз үйлөр жана 4 даана тапчандар коюлуп эс алуу борбору ачылды. Суммасы 4,9 млн сом. Каржы булагы жергиликтүү бюджет.
**19.**Тилектеш айыл өкмөтүнүн Миязды айылына демөөрчүлөр жана райондук өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланып курулуп жаткан күрөш залынын курулушу бүтүп, пайдаланууга берилди. Суммасы 4,5 млн сом.
**Капиталдык ремонт;**
**20.** Тилектеш айыл өкмөтүндөгү А.Бекташов атындагы орто мектебинин имараты капиталдык ремонттон өттү. Республикалык бюджеттен суммасы 31,8 млн сом.
**21.** Жибек-Жолу айыл өкмөтүндөгү С.Жаанбаев атындагы орто мектебинин имараты капиталдык ремонттон өттү. Республикалык бюджеттен суммасы 35,4 млн сом.
**22.** Курманжан Датка айыл өкмөтүндөгү М.Ташиев атындагы орто мектебинин имараты капиталдык ремонттон өттү. АРИС жана райондук өнүктүрүү фонду суммасы 9,0 млн сом.
**23.** Памир-Алай айыл өкмөтүндөгү Сары-Таш, Талды-Суу, Сары-Могол айылдарындагы айылдык ооруканалардын имараттары капиталдык ремонттон өттү. АРИС жана жергиликтүү бюджет каржыланды. Жалпы суммасы 29,3 млн сом.
**24.** Памир-Алай айыл өкмөтүнүн Нура айылындагы №40 Ы.Мону атындагы орто мектебинин спот залы капиталдык ремонттон өттү. Жергиликтүү бюджеттен, суммасы 4,4 млн сом.
**25**. Гүлчө айыл өкмөтүнүн Жылы-Суу айылындагы айылдык маданият үйүнүн имараты капиталдык ремонттон өттү. АРИС тарабынан, суммасы 3,6 млн сом.
**26.** Гүлчө айыл аймагындагы борбордук стадионду капиталдык ремонттон өткөрүүгө жергиликтүү бюджеттен 3,0 млн сом, райондун өнүктүрүү фондунан 5,0 млн сом каралып жумуш аткарылды.
**Кошумча курулган имараттар;**
**27.** Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Согонду айылында Наристе-Согонду бала бакчасына 30 орундуу актылык зал курулду. АРИС тарабынан суммасы 5,0 млн сом.
**28.** Кичи-Бүлөлү айылынын Нарматов орто мектебине заманбап ашкана курулду АРИС тарабынан суммасы 4,9 млн сом.
**29.** Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн Ак-Жай айылында фудболдук аянтчанын чатыры облустук өнүктүрүү фонду тарабынан жабылды. Суммасы 3,3 млн. сом
**30.** Тилектеш айыл өкмөтүнүн Кара-Токту айылындагы Бейшеев мектебине кошумча корпус курулду. АРИС тарабынан 8,5 млн сом

**Энергетика;**

- Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Чоң-Бүлөлү айылында сметалык баасы 30,0 млн сомду түзгөн. “Бүлөлү” 110/10 көмөкчү чордону Энергетика министрлиги тарабынан курулуп пайдаланууга берилди. Бул аймактарда электр энергиясынын кубаттуулугу төмөн болуп Элдик курултайда меселе көтөрүлүп чечилди.
- Ички туристер көп баруучу аймак болгон, Гүлчө айыл өкмөтүнүн Сары-Ой жайлоосуна АРИС тарабынан 12,0 млн сомго электр энергиясы тартылып жарык берилди.
- Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Күң-Элек айылынын Куутам участкасына электр мамычалар, чубалгылары, жана трансформатор коюлду. АРИС тарабынан суммасы **2,6 млн сом**.

-Курманжан Датка айыл өкмөтүнүн Капчыгай учаскасында “Алай Гидро” ЖЧКсы тарабынан 7,2 млн долларлык кичи ГЭСтин курулуш башталып, жумуш жүрүүдө. Кубаттуулу 4,4 МВт

**Жарыктандыруу;**

- Памир-Алай аймагында 2,3 метр аралыкка жарыктандыруу орнотулду. Суммасы 2,8 млн сомду түзөт.
- Гүлчө айыл өкмөтүнүн Чыйырчык участкасынан Таш-Короо айылына чейин 9,5 км аралыкка жарыктандыруу орнотулууда. Каржы булагы райондук өнүктүрүү фонду.
- Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Гагарин айылында 3,5 чакырым аралыкка 1,5 млн сомго жарыктандыруу боюнча жабдыктар,мамычалар алынды

**2024-жыл ичинде районго келген техникалар:**

1. Тилектеш, Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөттөрүнө экскаватор суммасы 7,8 млн сомдон АРИС.
2. Жибек-Жолу, Курманжан Датка, Үч-Дөбө-Алай жана Гүлчө айыл өкмөттөрүнө “Евразия” автономиялык коммерциялык эмес уюму тарабынан 5 Газель үлгүсүндөгү мектеп окуучуларын ташуучу автобустар келди. Ар биринин суммасы 3,9 млн сомду түзөт.
3. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнө жергиликтүү бюджеттен 3,0 млн сом акча каражатына Шакман үлгүсүндөгү таштанды ташуучу автоунаа алынган.
4. Гүлчө айыл өкмөтүнүн “Гүлчө тазалык жашылдандыруу” муниципалдык ишканасына таштанды ташуучу жана асфальт жуучу,кар күрөөчү унаа алынды. Каржы булагы облустук өнүктүрүү фонду. Суммасы 8,5 млн сом.
5. Гүлчө айыл өкмөтүнүн “Гүлчө тазалык жашылдандыруу” муниципалдык ишканасына Примов фонду тарабынан ХОВО үлгүсүндөгү унаа берилди.
6. Райондук электр тармактар ишканасынын техникалык базасы манипулятор келди.
7. Райондук суу чарба ишканасынын техникалык базасы экскаватор колесный жана фронтальный погрузчик менен толуктанды.

**Таза суу боюнча жүрүп жаткан иштер:**

Алай районунун аймагында 7 айыл өкмөтүндө жалпы 62 айыл бар. Район боюнча калктын таза суу менен камсыз болуусу 87% түзөт.

Республикалык бюджеттен аткарылып жаткан иштер:

-Курманжан-Датка айыл өкмөтүнүн Кара-Шоро, Арпа-Тектир, Боз-Караган, Кызыл-Ой айылдарына таза суу системасын орнотуу боюнча 2021-жылы тендердик баасы 36594,0 миң сомдук курулуш иштери башталып, 95% жумуштары бүткөн.

-АРИС тарабынан Кошулуш, Кичи-Бүлөлү айылдары боюнча тендерге берилип жеңүүчү аныкталган. 42,9 млн сомдук. Бүгүнкү күндө курулуш иштери бүтүп 98 абоненттин 85нин үйлөрүнө суу түтүктөрү киргизилип 95 пайыз жумуш аткарылган.

-Памир-Алай айыл өкмөтүнө караштуу Талды-Суу айылына таза суу системасын орнотуу республикалык бюджетке кирип, Тендердек баасы 76,7 млн сом түзгөн.

**Жолдор боюнча**

**Республикалык бюджеттен райондун аймагында жалпы 14,16 чакырым жолго суммасы 120259,2 миң сомдук асфальт төшөлдү. Мындан сырткары жергиликтүү бюджеттен жана демөөрчүлөрдүн эсебинен №959 жол тейлөө мекемесинин жардамы менен 700 метр жолго 4175,6 сомдук асфальт төшөлдү.**

- Жибек-Жолу айыл аймагынын Согонду айылына – 1,2 км ,7 млн 606 миң сомдук, Бүлөлү айылына – 3,5 км, 35 млн 254 миң 500 сомдук;

- Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын Кичи-Каракол-Ак-Жай-Гежиге жолуна 1 км, 6 млн 8 миң 400 сомго;
- Гүлчө айыл аймагынын Будалык айылына – 1 км, 10 млн 50 миң 400 сом;
- Кабылан-Көл айылына 2,06 км, 14 млн 811 сом, Гүлчө-Арпа-Тектир-Кабылан-Көл жолуна 1,3 км 9 млн 753 миң сомго
- Гүлчө айылынын ички жолдоруна 4,1 км суммасы 36млн 775 миң 300 сом

Нарматов көчөсүнө 0,937 км, Бөкөев көчөсүнө 803 км, Кадырбек көчөсүнө – 1,191 км, Бөкөнбаев көчөсүнө 0,521 км, Сарыбашев көчөсүнө 0,647 км жолго асфальт басылды.

Гүлчө айыл аймагындагы А.Жээнбеков көчөсүнө жергиликтүү бюджеттен 1,0 млн сом, демөөрчүлөр тарабынан 540 миң сом каржыланып 0,5 км асфальт төшөлдү. Жалпы кеткен каражат 2381,7 миң сом. Тилектеш айыл өкмөтүнүн Кара-Токту айылында 0,2 км жолго жергиликтүү бюджеттен 1200,0 миң сом каржыланган. Жалпы 1793,9 миң сом кеткен.

- Кабылан-Көл-Талдык жолуна 11,5 млн сом каралып кеңейтилип шагыл төшөө иштери жүргүзүлүүдө.
- Гүлчө айыл өкмөтүнүн Тамга-Терек айылына демөөрчү тарабынан 1,6 млн сомго көпүрө курулуп, пайдаланууга берилди.
- Курманжан Датка айыл аймагынын Арпа-Тектир айылында 500 метр аралык ички жолго жергиликтүү жамааттын эсебинен бетондолду.
- Курманжан Датка айыл аймагынын Боз-Караган айылында сел өткөрмөккө демөөрчү тарабынан 1,0 млн сомго унаа өтүүчү көпүрө курулду.
- Памир-Алай айыл өкмөтүндө Сары-Таш айылындагы жайытка өтүүчү узундугу 24 метр болгон көпүрө пайдаланууга берилди.
- Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын чек арасынын “Иркештам” участкасында асма көпүрөсү менен төрт тилкелүү жол курулуп пайдаланууга берилди. Жалпы каттамдын узундугу 3 чакырымдан ашык, туурасы 26 метрди түзөт. Асма көпүрөнүн узундугу 280 м. Жалпы инвестициянын көлөмү 1 миллиард 470 млн сомду түзөт. Толугу менен кытай тарап тарабынан каржыланган.

**Курулушу жүрүп жаткан объектилер:**

**Республикалык бюджет;**

**1.** Памир-Алай айыл аймагынын Сары-Могол айылында Гүлбурак балдар бакчасына 140 орундуу имаратын жаңыдан курулууда. Тендердик баасы 86949,9 миң. сомдук Имараттын 1-2-кабатынын дубалы тургузулуп чатыры жабылып, эшик терезелери коюлуп, электро монтаждоо иштери жүргүзүлгөн.

**2.** Тилектеш айыл өкмөтүндөгү 275 орундуу №27 Ж.Алимов атындагы орто мектебинин имараты. Тендердик баасы 120,3 млн сом, бүгүнкү күндө пайдубалы тургузулган.

**3.** Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Кичи-Бүлөлү айылындагы 150 орундуу №36 Б.Нарматов мектебинин курулушу. Тендердик баасы 80,5 млн сом, бүгүнкү күндө пайдубалы тургузулган.

**4.** Тилектеш айыл өкмөтүнүн Кең-Жылга айылындагы 150 орундуу №29 К.Тайчабаров мектебинин курулушу. Тендердик баасы 77,1 млн сом, бүгүнкү күндө жер иштери даярдалууда.

**5.** Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын Аскалы айылындагы 100 орундуу №14 М.Акматов атындагы орто мектебинин имараты. Тендердик баасы 42,6 млн сом, бүгүнкү күндө биринчикабаты бүтүп плиталар басылып экинчи кабатын тургузуу иштери жүрүүдө.

**6.** Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын Чий-Талаа айылына 50 орундуу бала бакчанын курулушу. Тендердик баасы 43,9 млн сом, бүгүнкү күндө дубалы бүтүп чатыры жабылган.

**7**. Тилектеш айыл өкмөтүнүн Тогуз-Булак айылына 60 орундуу бала бакча куруу каралып. Тендердик баасы 45,3 млн сом.

**8**. Гүлчө айыл өкмөтүнүн Гүлчө айылындагы Т.Отунчиев мектебине 275 орундуу кошумча корпус. Тендердик баасы 193,6 млн сом.

**9.** Жаңы-Алай айыл өкмөтүнүн Жаңы-Алай айылында 120 орундуу бала бакчанын курулушу, Тендердик баасы 71,2 млн сом.

**10.** Курманжан Датка айыл өкмөтүнүн Кара-Шоро айылындагы №23 М.Ташиев орто мектебине спорт комплекс курулушу. Тендердик баасы 38,7 млн сом, пайдублын тургузуу иштери жүрүүдө.
**11.** Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн Жерге-Тал айылына спорт залдын курулушу. Тендердик баасы 23,4 млн сом.

**Жергиликтүү бюджет, фонддор, демөөрчү, ж.б;**
**12.** Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн Сопу-Коргон айылында жеке демөөрчү тарабынан 22,0 млн. сомдук спорт комплекстин чатыры жабылып, ички шыбагы бүткөн.
**13.** Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн Терек айылына CASA-1000 долбоору аркылуу 6,3 млн сомдук ФАПтын курулушу бүтүп ачылуунун алдында турат.
**14.** Тилектеш айыл өкмөтүндөгү Тайчабаров атындагы орто мектебине спорт зал жеке ишкер тарабынан курулуп, ачылуунун алдында. Жалпы суммасы 20,0 млн сомдук.
**15.** Тилектеш айыл өкмөтүнүн Тогуз-Булак айылына жеке ишкер тарабынан спорт комплекс курулуп ачылуунун алдында, Жалпы суммасы 20,0 млн сом.
**16.** Памир-Алай айыл өкмөтүнүн Сары-Магол айылында тендердик баасы 16,5 млн сомдук заманбап шарттары менен 2 кабаттуу мейманкананын курулушу жүрүүдө. 2024-жылы Ош облустук өнүктүрүү фондунан 12 млн сом акча каражаты бөлүнүп, имараттын 1-2-кабатынын дубалы тургузулуп чатыры жабылып, 1-кабатынын терезелери коюлган.
**17.** Гүлчө айылындагы Алымбек Датка паркында кичи футбол аянтчасын курууга тендердик баасы 4,5 млн. сомго келишим түзүлдү, долбоорго өзгөртүүлөр киргизилип жайкы футбол аянтчасынан кышкы футбол аянтчасы болуп өзгөртүлүп тендерге берилип келишим түзүлдү, керектүү шаймандар алынып келинип, катлава казылып, сварка иштери башталган.
**18**. Алай райондук өнүктүрүү фондунан 9,0 млн сом каралып Гүлчө айыл аймагындагы Алымбек-Датка паркын реконструкциялоо иштери жүрүүдө.
**19**. Гүлчө айылындагы №4 бала бакчанын ордуна 50 орундуу имарат курулууда тендердик баасы 15,8 млн. сомду түзөт. Учурда 90 пайыз жумуштары бүткөн.
**20**. Жаңы-Алай айыл өкмөтүндө CASA-1000 долбоору аркылуу 6,3 млн сомго ФАПтын курулуш иштери жүрүп, ачылуунун алдында турат.
**21**. Тилектеш айыл аймагынын Жаңы-Турмуш айылындагы №40 Баластан- Алай балдар бакчасына кошумча бөлмө курулууда. Облустук өнүктүрүү фонду жана жергиликтүү бюджет Жалпы суммасы 1,5 млн сом.
**22**. Курманжан-Датка айыл аймагынын Кабылан-Көл айылына CASA-1000 долбоорунун жана жергиликтүү бюджеттен 9,4 миң сомдук жаштарды өнүктүрүү борборунун курулууда, бүгүнкү күндө 95 пайыз жумуш бүткөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-мартындагы ПЖ №56 Жарлыкты аткаруу максатында түзүлгөн комиссия тарабынан Ош-Сары-Таш-Эркештам автоунаа жолунда тактоо иштери жүргүзүлүп мыйзамсыз жол жээгине чыгып кеткен жалпы 161 объект аныкталып, Гүлчө айылынын аймагынын кире беришинде жайгашкан 20 мыйзамсыз ар түрдүү обьектер жол боюнан тазаланып, калган мыйзамсыз обьектилер боюнча иш алып айыл өкмөт башчыларына жүктөлдү.

### Айыл чарбасы

**<u>Талаачылык боюнча:</u>**

Алай районунун жалпы айдоо аянты төмөндөгүчө:
7347 га айдоо аянтынын ичинен 2050 га сугат, 4032 га кайракы айдоо, 1265 га там арка болуп саналат.

2024-жылга райондун аймагындагы кышка карата тоют топтоо жумуштары боюнча белгиленген план тапшырма 109 миң 100 тоннага бекитилип, 100 % аткарылган. Мындан сырткары арпа, буудай, жүгөрү, картошка, жашылча, бакча жана май өсүмдүгүнүн түшүмү убагында жыйналып, 100 пайыз аткарылды.

Быйылкы 2025-жылга пландаштырылган 110га аянтка күздүк буудай себилди.

**Мал чарбачылыгы боюнча:**

2024-жылдын 1-январына карата район боюнча ири мүйүздүү мал 41419 баш анын ичинен тубары 20960 баш, топоз 4141баш, майда жандык 156771 баш, жылкы 18134 баш, үй канаттуулары 52641 баш катталган.

Айыл чарбасын колдоо 12- долбоору тарабынан 10% жеңилдетилген насыя районго 2024-жылы жалпы 107млн 350 миң сом анын ичинен мал чарбасына 94 млн 350 миң сом, талаачылык үчүн 13 млн сом акча каражаты бөлүнүп, 237 субъектиге 96 млн 269 миң сом насыялар берилип жыйынтыкталды.

Мал чарбасынан өндүрүлгөн продукциялары 2025-жылдын 1-январына карата жалпы район боюнча эт 11747,8 тоннага аткарылып, 2024-жылдын 1-январына салыштырмалуу 224,8 тоннага көп же 102,0 пайыз, сүт 31145,9 тоннага аткарылып 2024-жылдын 1-январына салыштырмалуу 569,8 тоннага көп же 101,9 пайызга, жумуртка 2708,8 миң даанага аткарылып 2024-жылдын 1-январына салыштырмалуу 113,7 миң даанага көп же 104,4 пайызды түздү.

2024-жылдын жыйынтыгы менен район боюнча 467 баш ири мүйүздүү мал жасалма жол менен уруктандырылды ал эми 2023-жылы 445 баш ири мүйүздүү мал жасалма жол менен уруктандырылып андан 422 баш төл алынды.

Кыргыз Республикасынын «Жайыттар жөнүндөгү» мыйзамдарынын негизинде 2024-жылга айыл өкмөттөрдүн Кенештери тарабынан малдардын түрүнө жараша жайыт төлөмдөрүнүн баалары бекитилип 2024-жылга район боюнча жайыт пайдалануучулар тарабынан пайдаланылып келген 90079 гектар жайыт аянтына бекитилген план 3 млн 151 миң 800 сом жайыт акы болсо аткарылганы 3 млн 275 миң сомду түзүп 104 пайызга аткарылган.

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Алай райондук бөлүмү**

Алай районунун аймагында бүгүнкү күндө 353 турак үй кооптуу аймакта турат. Анын ичинен 244 турак үй ээлерине мамлекет тарабынан жер тилкесин жана узак мөөнөттүү ссуда алгандар, 72 турак үй ээлери ссуда жана жер тилкесин албагандар, 36 турак үй ээлери ссуда алып бирок жер тилкесин албагандар, мамлекет тарабынан жер алган, бирок ссуда албагандар бир. Алардын ичинен 78 турак үйдүн ээлери айыл өкмөт тарабынан сот органдарына өткөрүлүп берилген. Анын ичинен 60 канаатtандырылып, 18 кайра кайтарылган. 10 турак үйдүн ээсине соттун чечими чыгарылып көчүп кеткен. Алай райондук Жарандык коргонуу комиссиясы жана көчүрүү комиссиясы тарабынан 2024-жылдын февраль айында кооптуу аймакта жашаган жарандарга 353 атайын эскертмелер даярдалып, айыл өкмөттөрдүн кызматкерлеринин жардамы менен 331 даанасы таркатылган.

**КР ӨКМнин «Атайын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу» иш чаралары боюнча:**

КР ӨКМнин «Атайын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу» иш-мерчемине 2024-жылга карата 17 объект каралган. Анын ичинен 2 объект айыл өкмөттүн күчү менен аткарылуучу 17 КР ӨКМнин техникасы менен аткарылат.

1) Тилектеш айыл аймагынын Осоавиахим ай. Капташ уч. көпүрөнүн жээгин бекемдөө 60 даана габион торчо бөлүнүп берилип, толугу менен жерине басылды.

2) Тилектеш айыл аймагынын Гердегей ай. Талды-Булак уч. “Талды-Булак” сайдын жээгин бекемдөө, 180 даана габион торчо бөлүнүп берилип, толугу менен жерине басылды.

3) Тилектеш айыл аймагынын 1-Май ай. Нооруз уч. “Корул” суусунун жээгин бекемдөө, 150 даана габион торчо бөлүнүп берилип, толугу менен жерине басылды.

4) Тилектеш айыл аймагынын Арал ай. Жогорку Талды-Булак уч. “Талды-Булак” суусунун нугун буруу жана сел калдыктарынан тазалоо жумуштары толугу менен аткарылды.

5) Тилектеш айыл аймагынын Тогуз-Булак ай. Тогуз-Булак уч. “Корул” суусунун жээгин бекемдөө 150 даана габион бөлүнүп берилип, жерине толугу менен басылды.

6) Тилектеш айыл аймагынын Кен-Жылга айылынын Өрөөн-Жылга участкасында 300 метр аралыктагы суунун нугу бурулду.

7) Курманжан-Датка айыл аймагынын Кабылан-Көл айылындагы “Кабылан-Көл” сел каналын 500 метр аралыкта тазалоо жумуштары толугу менен аткарылды.

8) Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын Терек ай. Алтын-Кең уй. участкасында унаа өтүүчү көпүрөнү салуу үчүн товардык материалдар бөлүнүп берилип, көпүрө толугу менен бүткөрүлдү. Көпүрөнүн 4 метри ӨКМден курулса, 3 метри Алай райондук өнүктүрүү фонду тарабынан акча каражаты бөлдүртүп бүткөрүлдү.

**9)** Жибек-Жолу айыл аймагынын Чоң-Бүлөлү айылынын Абышка-Оозу участкасында 225 метр аралыкта жээк бекемдөө иштери толугу менен бүткөрүлдү;

10) Жибек-Жолу айыл аймагынын Кичи-Бүлөлү айылынын Кызыл-Талаа участкасында сел тосмо казуу иштери.

**11)** Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын Чий-Талаа айылында 3 даана сел чункурча казуу иштери.

**12)** Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын Терек айылында 3 даана сел чункурча казуу.

13) Тилектеш айыл аймагынын Миязды айылындагы Мечит участкасындагы жээк бекемдөө. (150 даана габион)

14) Тилектеш айыл аймагынын Тогуз-Булак айылынын Чычырканак участкасында 800 метр аралыктагы ички чарбалык жолду сел агындыларынан тазалоо;

15) Тилектеш айыл аймагынын Тогуз-Булак айылынын Гөлаң участкасында 1 даана сел тосмо куруу жана сел канал казуу;

16) Тилектеш айыл аймагынын Тогуз-Булак айылынын Шоро-Булак участкасында сел каналды тазалоо;

17) Тилектеш айыл аймагынын Коммунизм айылынын сел каналды тазалоо;

**Жергиликтүү бийликтин күчү менен аткарылган объектилер:**

18) Корул айыл аймагынын Тогуз-Булак ай. Сай жана Кара-Жыгач уч. Корул суусунун жээгин бекемдөө 180 даана габион бөлүнүп берилип, толугу менен жерине басылды.

19) Будалык айыл аймагынын Кум-Шоро ай. Сары-Камыш уч. И/ч жолдун жээгин бекемдөө 48 даана габион бөлүнүп берилип, толугу менен жерине басылды.

**2025-жылга өтмө болуп өткөрүлгөн объектилер:**

20)Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын Көлдүк айылында 3 даана 120 метр аралыкта жээк бекемдөө иштери.

Жалпы КР ӨКМ тарабынан Алай районундагы айыл өкмөттөргө **1098 даана габион** торчо бөлүнүп каралган. Бүгүнкү күндө **918 бөлүнүп** берилип, **918 даанасы** жерине басылды.

**Алай районунун аймагында өрттүү алдын алуу (профилактика) иштери боюнча төмөндөгүдөй иштер аткарылды.**

2024-жылдын 12 ай ичинде өрт коопсуздук эрежелерди түшүндүрүү максатында 616 жерде 7771 адам камтыган нускамалар жана 96 жерде 2448 адам камтыган лекциялар өткөрүлүп, өрт кырсыктарын камтыган 11 жолу гезит беттерине макалалар жана интернет сайттарга жарыяланды. Жыл ичинде 26 өрт кырсыгы катталып андан келтирилген социалдык экономикалык жоготуу 12 480 363 сомду түзүп, өрт өчүрүүчүлөрдүн өрт өчүрүүдөгү аракети менен 10 010 000 сомдук баалуулуктар сакталып калынды.

Алай райондук өнүктүрүү фонду тарабынан 263 000 сомго, Алай районунун аймагындагы өзгөчө кырдаалдарды алдын алууга багытталган мотопомпо 1 даана, ролик 2 даана, фанарик 5 даана, өрт өчүрүүчүлөр үчүн каска 5 даана сатып,өрт өчүрүүчүлөр үчүн перчатки 5 даана, куткаруу иштери үчүн 100 метр альпинийский аркан жана альпинистик шаймандар алынып колдонууга берилди.

**Электр энергиясы боюнча** 2024-жылдын 12 айында 69637,7 миң кВт саат электр энергиясы келип түшсө, өткөн жылы 64745,0 миң кВт саат электр энергиясы келип түшүп былтыркы жылга салыштырмалуу 4892,7 миң кВт саатка көп. Жалпы жоготуу 12 айда норматив 12,80% болсо иш жүзүндө 12,77% түзүп, салыштырмалуу 0,3% га ашыкча аткарылган.

Жалпы дебитордук карыз 1115,7 миң сомду түзүп, 2024-жылдын 12 айдын жыйынтыгы менен 48,8% га азайган. Азыркы учурда 570,9 миң сом дебитордук карыз калган.

**Алай райондук суу чарба башкармалыгынын** карамагында 49,5 чакырым аралыктагы каналдар бар**.** Анын ичинен 20,2 км канал механикалык күч менен тазалоо планга кирип 30 км тазаланды.

2024-жылдын январь айынан 2024-жылдын 1-декабрына чейин райондук суу чарба башкармалыгынын карамагындагы жалпы каналдарды ремонттоо жумуштары жасалып, чаап тазалоо жумуштары бүтүп, бардык каналдарга суу убагында берилди жана суу танкыстыгы жаралган эмес. Быйылкы жылга 11 млн сом акча каралган, бүгүнкү күнгө 9159,0 сом акча каражаты бөлүнүп берилди. Анын ичинен 5487,0 сом күйүүчү майлоочу майларга, 1748,0 сом курулуш материалдарына, 1924,0 сом техникалардын тетиктерине жумшалды.

1.Памир-Алай айыл өкмөтүнүн Сары-Таш айылында эски Машалы каналынын нугу механикалык күч менен тазаланып 1000 га жер аянты сугат суу камсыз болду.

2.Жаңы-Алай айылында ички көчөгө 1,5 чакырым аралык суммасы 1818,0 миң сомго (1,5 млн сом өнүктүрүү фонду) бетон латок төшөлдү.

**Финансы Кредиттик Фондунун Алай райондук аймактык бөлүмү тарабынан аткарылган иштер боюнча:**

2024-жылы Финансы министрлигине караштуу Финансы кредиттик фондунун Алай райондук аймактык өкүлчүлүгү тарабынан насыялардын кайтарымы боюнча 32 140,0 миң сом план берилип, 36536,0 миң сом кайтарылып, 113,6% аткарылган.

«Сүт өндүрүүчүлөргө көмөк көрсөтүү проектисинин» негизинде 11 субъектиге 5 150,0 миң сом кредит берилген. Андан тышкары МЧСтин чечими боюнча 1 субъектиге 200,0 миң сомдон ипатечный кредит, 30 субъектиге 50,0 миң сомдон, 10 субъектиге 10 миң сомдон кайтарымсыз акча каражаттары берилген.

**ДЭП-959 жол тейлөө ишканасы тарабынан** 2024-жылдын 12 айында утурумдук оңдоо иштерине план боюнча коюлган жумуштар толук аткарылган. Тактап айтканда кышкы кароо, күнүмдүк кароо, жайкы кароо, орточо кароо жумуштары жана жаратылыш кырсыгы боюнча план 24617,0 миң сом коюлуп, аткарылганы 44563,4 миң сомду түзүп жалпы 181 % аткарылган.

**ДЭП-960 жол тейлөө ишканасы** 2024-жылдын 12 айына карата кышкы кароо, күнүмдүк кароо, жайкы кароо, орточо кароо жумуштары жана жаратылыш кырсыгы боюнча жалпы 14772,0 миң сом каралып, 65474,6 сомдук жумуш аткарылып 443,2 пайызды түзгөн.

**«Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Алай филиалы** 5 ар түрдүү багытта кызмат көрсөтөт, 2024-жылдын 12 айында 8300,0 миң сом план коюлуп, 11742,1 миң сомду түзүп 141,5 пайызга аткарылган.

**Алай райондук архитектура жана шаар куруу башкармалыгы** 2024-жылдын 12 айына долбоорлоо-пландоо жана башка жумуштардын аткарылышы боюнча 4368,0 миң сом план коюлуп, 6524,8 миң сомго аткарылып 149,4% түзгөн. Башкача айтканда план тапшырмадан 2156,8 миң сомго көп аткарылган.

**Алай токойчулугунда** 2024-жылдын 12 айына Алай, Чоң-Алай райондорунун элин көрктөндүрүү жана жашылдандыруу мезгилине карата көчөт менен камсыздоо боюнча токой чарбасынын можевеник арчасы, ель-тяншань карагайы, сосна туя западная, терек, тал, кара-жыгач, ясень, брючина, каштан, өрүк, жаңгак көчөттөрү сатыкка даярдалып, жалпы 2443 даана көчөт сатылган. Ижира акыдан, жайыттан, көчөт сатуудан, отундан, бал челектен жана штрафтан жалпы 2 млн 852 миң 612 сом жыйналган.

Тоо тилкелерине көчөт эгүү боюнча 2024-жылга жалпы 10,0 га жерге жасалма токой тигүү планы берилип, Кызыл-Алай участкасына 5,0га жерге 4500 даана ак-кайың, Аскалы участкасына 3,0га жерге 2400 даана ель-тяншань, Жошолу участкасына 2,0 га жерге 1800 даана ак-кайың көчөттөрү отургузулган.

**Алай райондук ветеринардык башкармалыгынын** 2024-жылдын 12 айына эмдөөлөр:

-**Сибирь жарасына** жылкыларга бекитилген план 16500 башка, аткарылганы 15081 баш болуп, 91,4 %, ири мүйүздүү малга бекитилген план 36000 башка, аткарылганы 31546 баш болуп, 87,6 %, түздү, кой, эчкилерге бекитилген план 160000 башка, аткарылганы 147940 баш болуп, 92,4 %, түздү

**-Шарп оорусуна** бекитилген план 110000 башка болсо аткарылганы 82471 баш болуп 75 % түздү.

**Оспа (чечек) ылаңына** бекитилген план 100000 башка болсо 97790 баш болуп, 97,8 % түздү.

**Чума (кыргын) ылаңына бекитилген** план 100000 башка болсо, аткарылганы 65006 баш болуп, 65 % түздү.

Жогорудагы эмдөөлөрдүн 100 пайыз аткарылбагандыгынын себеби мамлекет тарабынан берилүүчү дарылардын кеч берилүүсүндө болгон.

Район боюнча жолбун ит мышыктарды атуу иштеринде 1779 баш ит жана 63 мышык атылган.

Иттерди кутурма оорусуна эмдөө боюнча план 1800 башка бекитилип аткарылганы 1631 баш болуп 90,6% түздү.

Алай району боюнча 2023-жылдын 12 айында 29 адам эхинококкоз жана алвеококкоз оорусу менен ооруп, операция болуп дарыланып чыгышкан болсо 2024-жылдын 12 айында 15 адам эхинококкоз жана альвеококкоз оорусу менен ооруп, операция жасалып дарыланып чыгышкан. Анын ичинен 12 адам альвеококкоз, 3 адам эхинококкоз оорусу менен ооруган.

Бруцеллез оорусу менен 2023-жылдын 12 айындан 13 адам ооруган, ал эми 2024-жылдын 12-айында 16 адам катталган.

Райондо жылкыларды идентификациядан өткөрүү боюнча 17213 чип салынып электрондук базага кириштелген

ири мүйүздүү малга 41100 башка кулак биркасы тагылып электрондук базага киргизилген

**Алай райондук ветеринардык диагностикалык экспертиза борбору** 2024-жылдын 12 айында серология секторуна (кан текшерүү бөлүмү) план боюнча 10088 болсо аткарылышы 12797 болуп 127 % түзгөн. Текшерүүдө 9 баш уйдан бруцеллез аныкталган. Паразитология сектору (мите курттарды текшерүү) план 3954 болсо, аткарылышы 4092 текшерилип 120% түзүп, 258 малдан мите курттар аныкталган. Бактерология сектору (жугуштуу оорулар текшерүү) план 445, аткарлышы 719 болуп 161% түзгөн. Жалпы 12 айга берилген план 14487 болсо, аткарылышы 15054 болуп, 104% га аткарылган.

**«Кыргызтелеком» ААК** Алай райондук бөлүмүнүн 2024-жылдын 12 айында тарифтик кирешеси 11200,0 миң сомду түзүп, пландын аткарылышы 2023-жылдын 12 айына салыштырмалуу 102,3% түзгөн. Ал эми акы алып кызмат көрсөтүү 6720,0 миң болуп, 100,6% түзгөн.

**Алай районунун аймагында турак-жайларды камсызданыруу:** Райондун аймагында жалпы 13553 турак жайдын ичинен 729 турак үй кызыл зонада жайгашып камсыздандырууга мүмкүн болбой келген. Бул маселе боюнча камсыздандыруу уюмуна кат менен кайрылып, 729 турак кыскартылып, бүгүнкү күндө 12824 турак үйгө кыскартылган. Камсыздандыруу уюмунун райондук инспекторунун маалыматына ылайык 2024-жылдын 12 айына жарактуу сертификаттын саны 5432 турак үйдү түзүп, 42,3 пайызды түзгөн. Айыл өкмөттөр боюнча айтсак Памир-Алай а/ө -568, Үч-Төбө-Алай а/ө -823, Жибек-Жолу айыл өкмөтү-830, Гүлчө а/ө -1641, Тилектеш а/ө - 745, Курманжан-Датка а/ө 506, Жаңы-Алай а/ө - 319 жаран турак жайларын камсыздандырган.

Ар кандай кырсыктардан жабыркаган турак үйлөргө 2024-жыл ичинде район боюнча 648,450 сом өлчөмүндө сый акы төлөнүп берилген.

Ал эми административдик имараттарды жана кызматтык унааларды милдеттүү камсыздандыруу боюнча мекеме-ишканалар жана айыл өкмөттөр тарабынан 99 административдик имарат, 80 кызматтык унаа камсыздандырылган.

**Радиорелейлик станциялардын түштүк башкармалыгынын Алай цехинин (Телевышка)** карамагында 3 даана РРС жана 23 даана САТЧ бар. Район боюнча 2024-жылдын январь айынан декабрь айына чейин телекөрсөтүүлөрдү үзгүлтүккө учуратпоо үчүн РСТБ адистери Жошолу, Будалык, Арпа-Тектир, Аскалы, Таш-Короо, Үч-Дөбө, Чий-Талаа, Кызыл-Алай, Корул, Нура, Кара-Токту, Мурдаш, Маданият, Ак-Босого,Сопу-Коргон, Курманжан Датка айылдарындагы САТЧларды оңдоп түздөө жумуштарын жүргүзүшкөн.

**Мергенчилик-** 2024-жылдын 12 ай ичинде Алай районунун аңчы адиси тарабынан Кыргыз Республикасынын кызыл китебине киргизилген жаныбарлар; аркар, кулжа, аюу, илбирс, сүлөөсүн, бүркүт, куш, шумкар, таскараларды коргоо боюнча 11 протокол түзүлүп, браконьерлик кылып жүргөн жарандарга административдик протоколдун негизинде мамлекетке жалпы 276500 сом төлөнгөн. 2024-жыл ичинде Алай районунда 28 карышкыр, 43 чөө бөрү жергиликтүү мергенчилер менен биргеликте атылып жок кылынган.

**Алай райондук ички иштер бөлүмүнө** 2024-жылдын 12 Алай РИИБдин маалыматтардын электрондук журналына (МЭЖ) баары болуп айында (2023-жылга салышщтырмалуу) 625(439)+18 маалымат катталган, анын ичинен 58(63)-5 кылмыш иштери кылмыштардын бузуу реестрине (КБР) өткөн жана 70 (61)+9 материал башка органдардан кабыл алынган.

Отчеттук мезгилде райондук ички иштер бөлүмүндө жалпы 160(151)+9 кылмыш иши өндүрүшкө кабыл алынган, анын ичинен 121(94)+27 кылмыштын бети ачылып, ачылуу пайызы 96,5%(95,9%) +0,6 түзгөн.

Мал уурулук боюнча 15 факт катталып, 13 фактынын бети ачылып 86,6% түзгөн.

Банги заттарга байланышкан 1(0)+1 кылмыш аныкталып, соттук кароосуна жиберилген.

Экстремизм терроризмге байланышкан кылмыш аныкталбаган.

Коомдук коопсуздук кызматы боюнча 2024-жылдын 12 айында коомдук жайларда, мектептерде, айылдарда 186 алдын алуу түшүндүрүү иш-чаралары өткөрүлгөн.

Профилактикалык каттоого алынган жарандардын саны 150(124)+24.

Млиция кызматкерлеринин көчмө кабылдамасы 2024-жылдын 12 ай ичинде 60 жолу айылдарга чыгып, эл менен жыйын өткөрүшкөн, баары болуп 34 арыз даттануу түшүп, 32 райондук структурадагы мекемелер аркылуу чечилген, 2 арыз жеринде каралган.

Жаш өспүрүмдөр менен иштөө: *Балдарга карата жасалган кылмыштар 6(20)-14, балдар тарабынан жасалган кылмыш иши 8(2)+6.*

Жол кыймылынын коопсуздугу боюнча 2024-жылдын 12 ай ичинде 16(24)-8 транспорт кырсыктары катталган. Андан 10(13)-3 жаран каза болуп, 23(28)-5 жаран денелеринен жаракат алып ооруканага кайрылган. Жаш өспүрүмдөрдүн катышуусунда 3(10)-7 жол кырсыгы катталган, каза болгон жаш балдар 1(6)-5.

Жол кыймылынын коопсуздугун көзөмөлдөө кызматы көзөмөлгө алып, айдоочулар тарабынан 3924 (3644)+280 бузуулар аныкталып, протокол толтурулган, 2 млн267 миң сом мамлекетке өндүрүлгөн. Алай районунун аймагындагы автоунаа жолдоруна коюлуш керек болгон 884 жол белгилеринен 835 жол белги калыбына келтирилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин Ош регионалдык бөлүмүнүн Алай сектору тарабынан биринчи жолу айдоочулук күбөлүктөр 456 жаранга берилген. Квалификациялык теориялык экзамендерди тапшыргандар 2686, анын ичинен ийгиликтүү тапшыргандар 545, тапшыра албай калгандар 2141 жаран. Ар кандай багытта көрсөтүлгөн кызматтар үчүн 2024-жылдын 12 айында айында мамлекеттик бюджетке 509098 сом акча каражаты түшүрүлгөн.

**Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаментинин 06-01 региондор аралык бөлүмүндө** 2024-жылдын 12 айында Кыргыз Республикасынын жаранынын идентификациялык ID карта алууга 4414 жарандан арыз кабыл алынган, жалпы жарандык паспорт алууга 2687 жарандан арыз кабыл алынган. 4931 жаран жашаган жана барган жери боюнча дарек маалымат тутумуна катталды. Кыргыз Республикасынын жаранын алуу үчүн 45 арыз Калкты каттоо департаментине жиберилген.

Жарандык абалдын актыларын каттоо боюнча жарандарды кабыл алып, берилгени: туулгандыгы тууралуу күбөлүк 1516, никелешүү тууралуу күбөлүк 456, никени бузуу жөнүндө 123, өлгөндүгү тууралуу 451 күбөлүк берилди, балага сүйүнчүгө 1089 арыз кабыл алынды.

**Алай райондук аскер комиссариатына** 2024-жылга карата мөөнөттүү аскердик кызматка берилген тапшырма 67 чакырылуучу, жөнөтүлгөнү 67, Альтернативалык кызмат боюнча 2024-жылга берилген тапшырма 325, аткарылганы 382, жалпы 662 жаран альтернативалык аскердик каттоодо турат.